ATATÜRK ÜNİVERSİTESİ YAYINLARI
ATATURK UNIVERSITY PUBLICATIONS

Araştırma Makalesi *Research Article* DOI: 10.62425/ctdal.1901175

# Поэтикалык Тагдырдын Башаттары (А. Өмүркановдун Алгачкы Ыр Жайнактары)

## Şiirsel Kaderin Başlangıcı (A. Ömürkanov'un İlk Şiir Kitapları)

## The Beginnings of Poetic Destiny (A.Omurkanov' First Poetry Collections)

Sayrabübü İSAYEVA[1]

[1]Cusup Balasagın Kırgız Milli Üniversitesi, Kırgız Filoloji Fakültesi, Bişkek, Kırgızistan

[1]*Jusup Balasagyn Kyrgyz National University, Faculty of Kyrgyz Philology, Bishkek, Kyrgyzstan*

**Аннотация**

Макалада КРнын Эл акыны, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, II даражадагы «Манас» орденинин ээси Анатай Өмүркановдун «Мөлтүр сезим», «Чабалакей», «Бар бол» поэтикалык жыйнактарындагы лирикалык ырлар адабий-илимий талдоого алынат. Изилдөөнүн негизги багыты акындын алгачкы чыгармачылык мезгилинде калыптана баштаган лирикалык «мендин» өзгөчөлүктөрүн аныктоого, анын поэзиясындагы идеялык-тематикалык багыттарды жана көркөм-эстетикалык изденүүлөрдү ачып көрсөтүүгө багытталат. Айрыкча «Мелтүр сезим» жыйнагындагы Памир жергесинде жазылган ырлардын тематикалык мазмуну, мейкиндик менен лирикалык каармандын руханий абалынын өз ара байланышы конкреттүү тексттик мисалдардын негизинде талданат. Ошондой эле акындын алгачкы жыйнактарында эле философиялык ой жүгүртүүнүн тереңдиги, турмуштук көрүнүштөрдү көп кырдуу көркөм жалпылоодогу чеберчилиги жана индивидуалдык поэтикалык стили илимий негизде мүнөздөлөт. Изилдөөнүн жыйынтыгында А. Өмүркановдун лирикасы улуттук поэзиянын өнүгүшүндө маанилүү көркөм-эстетикалык баалуулукка ээ экени далилденет.

**Негизги Сөздөр:** А.Өмүрканов, кыргыз поэзиясы, лирикалык «мен», поэтикалык жыйнактар, философиялык лирика, идеялык-тематикалык өзгөчөлүк, поэтикалык стиль, акын.

**ÖZ**

Bu makalede, Kırgız Cumhuriyeti Halk Şairi, Toktogul Devlet Ödülü sahibi ve II. dereceden "Manas" Nişanı sahibi Анатай Өмүрканов'un "Möltür Sezim", "Çabalakey" ve "Bar Bol" adlı şiir kitaplarındaki lirik şiirler edebî-bilimsel açıdan incelenmektedir. Araştırmanın temel amacı, şairin ilk yaratıcılık döneminde şekillenmeye başlayan lirik "ben"in özelliklerini belirlemek, onun şiirlerindeki ideolojik-tematik yönelimleri ve estetik arayışları ortaya koymaktır. Özellikle "Möltür Sezim" adlı eserde Pamir bölgesinde yazılan şiirlerin tematik içeriği, mekân ile lirik öznenin ruhsal durumu arasındaki ilişki; "Yalnızlık", "Kurucuya", "Pamir", "Pamir'den Mektup", "Keçinin Yavrusu", "Vedalaşma", "Çabalakey", "Ebedî Ateş Yanında", "Komşu Kız" ve "Fark Edilmeyen Çiçeklerin Kokusu Güzeldir" başlıklı şiirler örneğinde analiz edilmektedir.

Şairin erken dönem yaratıcılığındaki şiirsel özellikler, lirik öznenin dünya görüşü, şiirsel imgelerin kuruluşu, dilsel ve estetik ifade araçlarının kullanımı, felsefî düşüncenin derinliği, hayatî olayların çok yönlü sanatsal genelleştirilmesindeki ustalığı ve bireysel şiirsel üslubu bilimsel açıdan değerlendirilmektedir.

Araştırma sonucunda, A. Ömürkanov'un ilk şiir kitaplarının onun sonraki yaratıcılığının temel yönlerini belirleyen önemli bir aşama olduğu ve aynı zamanda ulusal şiirin gelişiminde önemli estetik değere sahip olduğu ortaya konulmaktadır.

**Anahtar Kelimeler:** A. Omurkanov, Kırgız şiiri, lirik "ben", şiir kitapları, felsefî lirika, ideolojik-tematik özellik, poetik üslup, şair.

Geliş Tarihi/Received 02.03.2026
Kabul Tarihi/Accepted 07.04.2026
Yayın Tarihi/Publication Date 11.05.2026

Sorumlu Yazar/Corresponding author: Sayrabubu İSAYEVA
E-mail: isaeva.saira@mail.ru

Atıf: İsayeva, S., (2026). Поэтикалык Тагдырдын Башаттары (А. Өмүркановдун алгачкы ыр жайнактары). *Comparative Turkish Dialects and Literatures*, (9), 13-26.

Cite this article: Isayeva, S., (2026). The Beginnings of Poetic Destiny (A. Omurkanov' First Poetry Collections). *Comparative Turkish Dialects and Literatures,* (9),13-26.

Content of this journal is licensed under a Creative Commons Attribution-NonCommercial-NoDerivatives 4.0 International License.

**ABSTRACT**
This article examines the lyrical poems from the poetry collections ‘Moltyr Sezim’, “Chabalakey” and ‘Bar Bol’ by Anatay Omurkanov, People's Poet of the Kyrgyz Republic, laureate of the Toktogul State Prize and holder of the Second Degree of the Order of Manas. The lyrical poems in the poetry collections ‘Molttyr Sezim’, “Chabalakey” and ‘Bar Bol’ are subjected to literary-scientific analysis. The main focus of the study is the lyrical The study is aimed at identifying the distinctive features of the “I”, and at revealing the ideological- thematic directions and the artistic-aesthetic explorations in his poetry. In particular, the thematic content of the poems written in the Pamir region for the collection ‘Moltur Sezim’, and the interrelationship between space and the lyrical protagonist's spiritual state, are analysed on the basis of concrete textual examples. Moreover, in his earliest collections the poet's philosophical depth of thought, his mastery in multifaceted artistic generalisations of life's phenomena, and his individual poetic style are characterised on a scientific basis. The study concludes by demonstrating that A. Omurkanov's lyric poetry represents a significant artistic and aesthetic value in the development of national poetry.
Keywords: A. Omurkanov, Kyrgyz poetry, lyrical ‘I’, poetic collections, philosophical lyricism, ideological-thematic distinctiveness, poetic style, poet.

## Киришүү

Жараткан тартуу кылган тубаса акындык талантын бапестеп, бул турмуштун эсепсиз көрүнүштөрүнөн, адамдардын миң кырлуу жашоо-өмүрүнөн, анын маани-маңызын түзгөн адамдык миң түрдүү мамиле-катнаштардын өзүнөн ыр издеп, сезим-туюмун жанып өткөн, же дүрт эттирген нерселердин баарынан ыр курап, көз майын коротуп, акыл-эс куржунун каккылап ал ырларын улам оңдоп-түзөп, улам жакшыртып, адамдардын жан дүйнөсүнө аз болсо да жакшылыктын, асылдыктын үрөнүн сээп, жамандыктан алыстатууга жан үрөп келген акындар элибизде арбын эле болгон. Алардан уучубуз азыр да кур эмес. Мына ошондой бүт өмүрүн жалаң чыгармачылыкка арнап, поэзияны жашоодон тапкан бактысы катары тумар кылып өткөн акындардын чыгармачылык жолуна саресеп салып түшүнүү жана түшүндүрүү ары жооптуу, ары татаал иш экенин моюнга алуу керек. Себеби, ал акын тууралуу мактап же сындап сөз айтып, чыгармаларын электен өткөрүү үчүн дал ошол акындын чыгармачылык түйшүктүү жолун басып өтүп, анын ырлары менен жашап, анын чыгармачылыгын толук аңдап билгенден кийин гана калыс пикир айтуу боло турганын түшүнөсүң.

Биз төмөндө сөз кылалы деп турган Кыргыз Республикасынын эл акыны, КРнын Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, III даражадагы Манас орденинин ээси А.Өмүрканов да тээ Памирде Мекен үчүн кызмат кылып, романтикага жан дүйнөсү толгон жапжаш курагынан бүгүн акылга карк толуп, сексен жашты аркалап калган кезге дейре тынымсыз чыгармачылык менен алектене келгени бир караганга жөпжөнөкөй көрүнгөнү менен анын поэзиясында бир адамдын, болгондо эли-журтуна аттын кашкасындай таанымал залкар инсандын бүтүндөй өмүр-тагдыры жатканын баамдайсың. Акындын чыгармачылыгы Советтер Союзу гүлдөп турган 70-жылдардын башында чыйыр алып, таптаза тунук сезимдерден жаралган “Мөлтүр сезим” жыйнагынан бери (1973), "Чабалекей” (1977), "Алтын өзөн" (1987), "Күн жол" (1983), “Бар бол” (1986) "Биринчи кар" (1986), “Жашыл арал”, “Жанкисе”, “Күндөгү так,”, “Асмансыз жылдар”, "Ак тилек" жыйнактары, “Анатай” аттуу эки томдук тандалмалары жана акыркы жылдары жарык көрүп, философиялык ой-толгоолорго каныктырылган, турмуштун татаалдыгы ар тараптан ачылган “Түшалган чагылган”, “Жалгыздык ырына” чейинки чыгармачылык жолу менен толук таанышкандан кийин гана акындык тагдыр, анын айтып бүткүс түйшүгү жана андагы "Анатай Өмүрканов" деген лирикалык каармандын "мени" тууралуу сөз кылууга жол ачылат сыяктанат.

«Акындын окурмандар журтчулугуна жылуу сезим калтырган алгачкы жыйнагы «Мөлтүр сезим» деп аталат. Андан кийин жарык көргөн онго жакын китеби аркылуу өзүн иприде лирик катары тааныткан акын өзүнүн стихиясын дал ошол алгачкы жыйнагы аркылуу маалым кылган сыяктуу» (Кыргыз адабиятынын тарыхы, 2017, б. 339) деген пикирге толук кошулса болот. Ошентип, табиятынан таланттуулугуна кошумча адабий даярдыгы жеткилең, көркөм образ жана көркөм сезим-туюм менен ойлонуу жөндөмүнө эгедер А.Өмүрканов алгачкы ыр жыйнагында эле (кээ бир кемчиликтерине карабастан - И.С.) мекенчилдик, чынчылдык, атуулдук ар-намыстуулук сыяктуу "эн тамгаларын" алгачкы жыйнагы аркылуу эле энчилеп алгандыгын тануута болбойт. Жаңы эле жогорку окуу жайын бүтүп “Тоодой милдет аткарууга кумар болуп”, “Ишеничи элимдин, Эне-Атамдын, илинүү моюнумда “тумар” болуп” деп, өзү жазгандай жашоого да, сүйүүгө да кумары ашып турган жаш жигит мектепте балдарды окутуу деген чоң милдетти аркалап Памир жергесине барган.

«А бизде аппак, аппак, апаппак кыш Жолдор жабык…

Келбейт катың, келбейт гезит…

Өзүмдү жалгыз сезип, жетим сезип

Шамалдай кетким келет сага безип.

А бирок окуучум көп билим деген,

Мен аларды сүйөм, аяйм энеге окшоп.

Канча көп кетейин деп даярданып

Аргасыз аларды ойлоп калам токтоп.

Мен буларсыз чөөтмүн агалбастай,

Мен буларсыз түтүнмүн жаналбастай.

Мен буларга ушунчалык көнүп кеттим

Сени ойлоном сезимде баралбастай» (Өмүрканов, 1973, б. 67).

Ыр көркөмдүк жагынан өтө жеткилең болуп кетпесе да, жан-дилинде, адамдык насилинде жоопкерчиликтүү, мекенчил, чынчыл мүнөздөгү жаш акын туулган жерин, сүйгөнүн, жакындарын тумар кылып, жаштарга билим берүүнү көздөп келгенин, астына койгон азыркы милдети да окуучуларга алган билимин берүү, алардын келечегин ойлоо максаты тургандыгын чынчылдык менен сүрөттөп бергендиги менен өзгөчөлөнүп, ошонусу менен жугумдуу болуп турган эле. Дал ушул экзотикалуу Памир жергесине барып калганы да анын акындык тагдыры экенин өзү танбай, НТС телеканалындагы “Биздин замандын кишилери” аттуу көрсөтүүдө берген маегинде мындай дегени бар: “Биз Мургабга баруу үчүн жыйырма киши жазылганбыз. Ошолордун ичинен мен эле бардым. Калгандары бул жактан иш таап, таяке, байкелерин таап, калып калышыптыр. А мен бардым. Барганыма ушул күнгө чейин сүйүнөм, кубанам. Мен эгер аякка барып жалгыздыкты көрбөсөм, Памирдин керемет тоолорун көрбөсөм, сууларын ичпесем, ушундай болот белем, болбойт белем, билбейм. Анткени, жалгыздык кишини бүлөйт. Ошондуктан, көп атактуу, улуу жазуучулар мыкты чыгармаларын жалгыздыкта жазган. Жалгыздыктын ырын ырдаш, жалгыздыкты туюш үчүн сен башкача жаралышың керек. Жалгыздыкта сен ким экениңди көрө аласың. Күзгүдөн көргөндөй көрө аласың. Жалгыздык кишини тарбиялайт” (http://ru/nts.kg). Памир жергесине жаңы баргандагы жалгыздыктын жан чыдагыс оордугун, кусалыгын, сагынычын, өкүнүчүн, жүрөктүн түпкүрүнөн чыккан ар кыл сезимдерин “Жалгыздык” аттуу терең психологиялык ырында даана чагылдырып бериптир. « Ойлосом булуттар каалгып, Токтолот тоодогу жаан лып...

Жагоодой жаркылдак жан эркем

Жар болдуң сен кимге таандык?!

Канатың карттанган жарамы,

Учуруп сен жакка санаамы, -

Өмүрдү өткөрүп келатам

Жапжалгыз тарткылап арааны...

Кубарат бир кулжа капканда

Адашат бир аккуу асманда, -

Жалбырак куланат бириндеп

Мен жалгыз бак жакка басканда.

Кайгым бар көптөргө байкалгыс,

Кайгым бар көптөргө айталгыс.

Аларды азайтып келе жатам

Өзүңө ыр жазып жапжалгыз...» (Өмүрканов, 1973, б. 33).

Биринчиден, мындай мазмуну менен формасы төп келген көркөм ырды колуна жаңы калем кармаган акын жазганына анча ишене бербешиң да мүмкүн. Бирок, бул чындык. Экинчиден, ырдын мындай көркөм жазылышына жаш автордун жалгыздыкты жон териси менен сезип, аны жан дүйнөсүнөн өткөрүп, анан ошол жалгыздык дароо эле оргуштап чыкпай, акырындап топтолуп, ичкериде бышып жетилип, акындык таланттын ойгонушуна дагы бир себеп болуп бергенин байкоо кыйын эмес. Ырдын көркөмдүүлүгү да жалгыздыкты туюнта турган жакшынакай салыштыруулар, өтмө маанилердеги көркөм сөз каражаттарын (Кубарат бир кулжа капканда, адашат бир аккуу асманда. Жалбырак куланат бириндеп, мен жалгыз бак жакка басканда - И.С.) ыктуу колдонуу менен ишке ашырылганына байланышат. Мына ошо жалгыздыкта гана акын туулган жердин, достордун, бир туугандардын, ата-эненин, гүлгүндөй кезинде көкүрөгүн уялаган сүйүүнүн кадырын эрте түшүнүп, бөтөн жердеги адамдар менен аралашып, алардын адамдык парасатын таанып-билип, катнаш-мамиле кылууга көнүшү ага кайра кайталангыс турмуш сабагы болгондугу шексиз. Мына ушундан улам алгачкы жыйнактын көп бөлүгүнүн дал ошол алыскы жердеги жүргөндөгү турмуш таасирлерине арналышы, ошол кетпес сезим-туюмдардын айрыкча реалдуу, лирика-драмасы аралаш сүрөттөлүшү таңгалыштуу деле эмес болчу. Ал ырлар керек болсо так мына ушул сапаттары менен баалуу болчу.

Акын алгачкы эле жыйнагында ошол мезгилиндеги акын-жазуучулардан айырмаланып саясий-социалдык маселелерди (совет өкмөтүн мактап, ураан-чакырык таштап дегендей) камтыган ырларды жазбаптыр. Болгону “Революциянын баатырларына”, “Куруучу”, “Граждандык согуштун баатырларынын эстелигине”, “Разливде”, “Душманга сыр” сыяктуу он чакты ырлары ошол кезде салт болуп калган темаларга үн кошуп коюу максаты менен жазылган өңдөнөт. Бирок, ошондо да аларда жалган жалбаруу, партия менен Ленинди даңазалоо жок. Бирок, жаш, романтик акын өлкөдөгү өзгөрүүлөргө, жетишкендиктерге суктанбай коё албайт. Мисалы “Куруучу” деген ырында “аалам карар көрк берген” тамдарды курган куруучуну даңктоого алат:

«Бул үйлөрдүн өскөн сайын катары

Бул адамдын өсүп барат атагы

Бул үйлөрдүн бүтпөгөндөй акыры

Бул адамдын бүтпөйт күнү, жашаары (Өмүрканов, 1973, б. 6).

Бул үч куплеттен турган ырда эч кандай жаңылык деле жок, идеялык –эстетикалык нарктуулугу деле мактап жибергидей эмес, бирок, мында турмуштук чындыгы бар. Анткени, акын кыш-кирпичти кынаптап, мээнеткеч

куруучулар жаркыратып там салып жатышса, ушундай иштер аркылуу өлкөнүн жетишкендигин, турмуш жакшырып, өсүп-өнүгүп жаткандыгын ураалабай эле турмуш чындыгына шайкеш сүрөттөп жазууга аракеттенген. Албетте, акындын мындай мүнөздө жазылган ырлары окурмандын көңүлүн анча деле бура албайт. Анткени, мындай ырлар ошол кездеги ар бир акындын чыгармаларында жыш кездешип, ушул ыңгайда кандайдыр бир жаңылык ачып жиберүү кыйын эле. Анын үстүнө жаш акын көркөм-поэтикалык нарктуулуктун сырларын өздөштүрүү жолуна жаңы гана түшүп, изденүү, чеберчилигин өстүрүү милдеттери астыда турган. Балким, ушундан улам, "Мөлтүр сезимдеги" адабиятчы-сынчыларды, окурмандарды кызыктырган башка темада жазылган чыгармалар: жаш адамдын калыптануусу, анын коомдогу орду, өмүр, туулган жерге, ата-энеге, ынак дос менен арзыган жарга болгон сүйүү, сагынуу сыяктуу адам менен тең жашап келаткан түбөлүктүү темадагы ырлары болду. Дал ушул ырлардан акындын атуулдук жана нравалык позициясы, чыгармачылык дарамети даанараак көрүндү. Булар адабиятта, айрыкча поэзия жанрында туруктуу темалардан эле. Акын “Памир”, “Самудин абама”, “Досторду эстеп”, “Памирдеги жаштык”, “Жалгыз жашаган үйүмө”, “Памирден кат”, “Абышка”, “ Тоодогу бир элес”, “Теке”, “Эчкинин улагы”, “Алыстан айылга келгенде”, “Коштошуу” сыяктуу ырларында өзүнүн Памирге барган күндөн кайра кайтып коштошкон күнгө чейинки турмушун окурмандын көз алдына ынанымдуу тартып берди. «Кыргыз поэзиясы дүйнөлүк адабияттагы поэзиядай эле адам жана коом турмушун, табиятты жана адамдын кыял чабыттын, көп түстүү сезим-туюм палитраларын чагылдырып берүүдө, образдуу чагылдырууда, түркүн проблемаларды козгой келгендиги жагынан окшош болуу менен катар, анын бир топ айырмалуу белгилери бар» (Исаева, 2025, б.75). Ырларда акын Памирдин жаратылышын, шамалын, жазы менен жайын, жан чыдагыс суугун, канаттуу учуп өтө алгыс көк мелжиген тоолорун, сүйүнүчтү, санаркоо менен кызганычты, адамдардын кулк-мүнөзүн дал турмуштун өзүндөй табигый, анан көркөм романтизациялоо менен бере алды. Ошону менен бирге акындын ырларындагы сыр жашырбастык, чынчылдык, аларды тайсалдабай ачык айтып берүү - анын чыгармачылыгында кийин туруктуу өнүктүрүлгөн нравалык-моралдык концепцияга чыйыр салып, стилдик өзгөчөлүк катары да көрүнүп жүрүп отурду.

«Ажыдары жезкемпирди алдап алган,

Жерден чыкпай желмогузу тоңуп калган.

Алпкаракуш айланып конот жерге,

Айга учуп канаттары талып калган.

Экзотика – жомоктой кызыктырган,

Көнүлүмдө көрсөм деп учуп тургам.

Мен келдим деп бийик Памир тоолоруна,

Жака кармап далай ашуу, далай кырдан» (Өмүркaнов, 1973,  б. 34).

Жандүйнөсү романтикага сугарылган жаш мугалим-акын дүйнө чокусу аталган Памир жериндеги жашоо ал ойлогондон алда канча татаал экенин жашырбайт да, минтип жазат:

«Мургаб жери... дарак өспөй, чөп өспөй,

Пил териси сыяктанып бозомук.

Сен зериксең музыка деп, ырлар деп,

Шамал ырдайт, шамал боздойт, ошону ук....

Жалгыздыктан жадап бүттүм зеригип,

Жандай көргөн досторумдан бөлүнүп,

Бүгүн күзгү дарак болдум жылаңач

Кечээ суудай алдас уруп, төгүлүп» (Өмүрканов, 1973, бб. 60-61).

Көрүнүп тургандай, ырлар табыгыйлуулугу, чынчыл сүрөттөөлөрү менен өзүнө тартып, бак-дарак өспөгөн, бозомтук талаа-түздөгү, какшыган ызгаардуу тоолордогу кунарсыз көрүнүш менен боздогон шамал аркылуу акын жалгыздыктын зардабын ичкертеден ачып берет да, алардан сагынычтын, кусалыктын илеби согуп турат. Боздогон шамал бир туруп ошол мезгилдеги оор сезимдерден алаксытса, бирде жаш адамдын, тынымсыз кыймылды самаган кусалыгын ого бетер ырбаткандай болот. Бул ырды жаш акындын калеми кадимкидей такшалып, адамдын жан-дүйнөсү менен табияттын эриш-аркактыгына сүңгүп кирип, аны образдуу берүүгө карай изденүүсүндөгү чоң жылыш катары карасак болот. Памирдеги оор жашоо-шарт, катаал табият-жаратылыш акындын чыгармачылык жолунун да татаалдыктан, арыбас мээнеттен качпай, чарчабай, талыкпай изденүүгө багыттап койгон сыяктанат. Акындын бул темадагы ырлары ушундай сапаттары менен бүгүн дагы эч баалуулугун жоготпой, кунт коюп окула турган ырлардын катарында турат. Акын өзү бир маегинде Памирди мындайча эскерген: «Чоң турмуш башталган жер туулган жердей эле жүрөккө кымбат болуп калат экен. Памир кытайча Кара дегенди түшүндүрөт. Памир аруу, таза жер – анын бүткөн бойду калтыраткан суук сулуулугундагы музыканы дүйнөнүн эч жеринен уга албайсың» (Өмүрканов, 2004, б. 8). Ал эми ушул чындыкты белгилүү сынчы К. Даутов анын чыгармачылык башаттарына Белгилүү сынчы К. Даутов анын чыгармачылык башаттарына таандык ушундай өзгөчөлүгү тууралуу таасын байкоосун ортого салып, “Кандай акын оргиналдуу болот же Анатайдын ачылышы” деген макаласында буларды жазат: “Акын өзүн – өзү ичкертен ачып чыгууда. Психологизм тереңдөөгө жакшы жол алды. Кистиси кылдат ойногон реалист художник ачылып келе жатат. Ассоциациялык ыкмаларга салып көркөм образдар менен ойлонуп жазуу, анын өздүк стилине айланууда. Мындай сапат профессионал адабиятта гана болот. “Демди кысып жарым карыш бастырбай, кадамыңды карагыча кайрылып, шамал жалмап издериңди таптырбай” турган Памир суугу, “жан талашып зымырап келип ташка урунган шамалдын үнү... Койго жетпей кыйкырган инисинин үнү сыяктанып угулса, ... Мургаптын “суук –суук болуп, кийик тоңуп, куш тоңуп” турган аязда... “эмне болуп кетти экен деп эртели-кеч эстей берем бук болуп” менен эт жүрөгү кантип эзилип, бир бооруң канчалык жакын болорун мындай кыйын шартка туш келбесе ушунчалык жакындан билет беле?". (Даутов, 2016, б.129). Сынчы акындын койчуман иниси Каныбекке арналган “Памирден кат” деген ырын талдап келип, турмушту чагылдыруунун оргиналдуу туюнтуу ыкмаларын, каражаттарын табууда да акын алдыга кадам таштаганын баса белгилейт.

«Поэтикалык сөз көбүнесе ассоциативдүү же коннатациялык, б.а. кошумча семантикалык маани алып, өзүнчө стилистикалык сапатка ээ болот, эмоционалдык – экспрессивдик жаңырыгы күчөтүлгөн, же башка түспөл мааниге өтөт» (Исаева, 2024, б. 42). Акындын жаратылыш, табият, андагы аркар, кулжа, теке, улак, аларга аңчылыкка баргандагы окуялар жөнүндө жазган бир катар ырлары да жогорку ырларындай эле өзүлөрүнүн реализми менен айырмаланып, кызыгуу менен окулат. Аларда сыртынан кичинекей, анча деле маанилүү эмес сыяктанган окуяларга назар салынып, бирок

сезим-туюмду дүрт эттирген терең тыянак келип чыгат. Алсак, “Теке” деген ырда Памирдин көк мелжиген кыл чокуларында картаң теке алыста туруп эле "коргошундун, адамдын жытын" сезип, селт этет да, качып кутулбаска көзү жетип, эчкисин сактап калуу үчүн жанын окко тосуп курман болгондугу тууралуу окуя баяндалат. Ал эми эчки “карт текени талаа-ташка таштабастан, алыс жакка желдей учуп кеткендеги” окуя табиятты жанындай сүйгөн, текесин атуу эмес, гүлүн үзгөнгө колу барбаган акын үчүн аңчылыкка чыккандагы адамдардын ташбоорлугун айгинелеп, анын түн уйкусун алат. Ал эми “Эчкинин улагы” деген ырда улагынан айрылган эчкинин аянычтуу абалы кадимки кино тасмадай көз алдыңа тартылат. Памирдин бийик аска, тоолорунда, короо-короо кой, кулжа, кийиктер жүргөндө, бейкапар турган улакка ок тийип, түтүктөп кан куюлуп, жан берет. Улактын аянычтуу тагдыры жүрөгүнө октой сайылып:

«Калдактап качты эчкилер, артын карап,

Бир эчки артта илкип араң барат.

Тыпыраган боз улагы элестелип,

Сакалына жаш чубуртуп тып-тып тамган.

Түшүндө ак улагы сүтүн эмет,

Ойгонуп улагына кайра келет.

Улагы жок каңырсыган каны ташта,

Убайымда кайтат да жашын төгөт.

Суу жетпес тоо чөбүндөй үмүт соолуп,

Эчки жүрөт ичине күйүт толуп.

Мергенчинин эшигинде желге ыргалат,

Боз улактын териси чанач болуп…» - (Өмүрканов, 1973, б. 34).

деп, эчки-эненин улагынан ажырагандагы трагедиясын элестүү, образдуу кылып сүрөттөсө, акындын назик жүрөгү карт тоолордун башында алардын улам суюлуп, азайып баратканына кейип, чын ниетинин аяп:

«Чабалактап уктай албайм түн бою,

Чарчагандай өңүм кетет кубарып.

Түшүмдө элик жатат каны жошулуп,

Көк шиберде, көзүн ачып суналып.

Мээримдүү көп,

Мерестер да аз эмес,

Мээлейт алар элик көзүн жайнаган...

Көнүлүмдөн кан аккансыйт жаш эмес,

Мен жарадар элик көрсөм кайрадан! - деп жазат»(Өмүрканов, 1973, б. 16).

Акындын табиятты сүйгөн, дили таза адамдык дүйнөсү ага жырткычтык менен жасалган мамилеге такыр келише албайт. Канча жолу адам колунан мерт болгон кайберен тукумун, алсыз, бейкүнөө жандыктарды көргөн сайын “көңүлүнөн кан агып”, анын себепкерлерине каргыш айткысы келет. Ал эми “Аңчылыкта” деген беш куплеттен турган ырында мергенчилердин биринин “кулжанын мүйүзүн карыш менен ченеп”, экинчисинин “жанараак кулжа аткан куу аскадан, качандыр картаң илбирс аткандыгын” айтып мактанып, манчыркап отурушкандагы диалогдору менен турмуштук жагымсыз бир элести, бир учурду сүрөттөп гана тим болбостон, адам мүнөздөрүн кыска саптарда ачууга да жетишет. Бул ырдагы акындын ийгилигин К.Даутов мындайча чечмелейт: “Биринчиси: жалпылаштырып бүтүндөйүнөн алганда бул циклди түзгөн ырлар менен мергенчилер дүйнөсүнүн дагы бир керектүү сызыгы толуп келатат. Бул жагынан акын өсүү жолунда. Лирикалык каармандардын жеке өзүнө таандык белгилерин, алардын мүнөзүн билдирчү көркөм деталь, штрихтер менен туйгузуп коюшка жетишчүдөй баскычка көтөрүлүп баратыптыр. Эң негизгиси, мында акындын табият байлыгына адамдын көрсөткөн ашкере жырткычтыгына жасаган реакциясы же узакка уланып

жаңылана берчү бүтпөс баасы берилип жатат деп билиш абзел. Экинчиси: сөз менен сүрөт тартууга болгон табигый

жөндөм бар экендиги. Мына ошондуктан, эл, жерге таандык болгон Памир колориттүүлүгү өз белгилерине көңүл бургузуп турат. Мындай жандуу элестүүлүк турмуш кубулуштарын өз көзү менен көрүп, алардын өз табигый сапат белгилерин сактап кагаз бетине таамай түшүрө алганы менен бааланат. Албетте, муну жансыз фотокопия катары түшбөсүнө ишенерим бышык. Үчүнчсү: аңчылык же мергенчилик кесип кумары; ага түпсүз берилгендик, баш-оту менен кирип бар дүйнөсү ошол болуп жашап калуусу. Айтар сөзү, ырдай турган ыры, ойлой турган ойлору, алдыда көздөгөн мүдөөсү, аткарчу милдети, өмүр кызыкчылыгы, кыскасы, түшүнө чейин кирчү түк өзгөргүс тагдыры болуп калган уучулардын жеке мүнөздөрүн кошо ачып чыгууга жасалган иш-аракетке кадам ташталганы баамга урунат. Келтирген мисалдан карачы, канча түрдүү адам, канча түрдүү мүнөз, канча түрдүү кызыкчылык өкүм сүрүүдө" (Даутов, 2016, б. 114). Өзгөчө баамчыл адабиятчы бул жерде ал кездеги жаш акындын өсүү жолунда экендигин айкындаган учурларды илгиртпей байкап, таасын бүтүмдөргө келет. Демек, аны менен талашуу мүмкүн эмес. Памирдин катаал болсо да, керемет табиятынын кучагындагы кайраттуу жана чыдамкай, карапайым адамдардын жашоо-турмушу, өзгөчө анын кайберендер дүйнөсү (аркар, кулжа, теке, улак ж.б.) жөнүндөгү ырларында акын таланттуу сүрөткер катары кыскалыкка, тереңдикке болгон умтулуусу ачык байкалат. Ушул беш куплет ырда эле беш өрдөгүн учурган Берикбайдын, мампайган Мамырбайдын, менменсиген мергенчилердин кулк-мүнөздөрүндөгү негизги сапаттар менен бирге Памирдин заңгыраган, көз жоосун алган бийик тоолору көз алдыңа келет. Акын ушул жашоо чындыгына аралашып, аны баарын жон териси менен сезип, туйгандыктан ыр ушунчалык жандуу, жанга жагымдуу жана көркөм чыккан.

Алгачкы жыйнактын негизги өзөгүн түзгөн мунайым мүнөздөгү махабат жана турмуштук кырдаалдан жаралган ар кыл ырларында акындын жаш болсо да, турмуш оорчулугуна басынбаган, күрөшчүл, сабыр-салмактуу мүнөзү, сүйгөнүнө, ата журтка, бир тууганга, доско деген кусалыгы, сүйүүсү жүрөгүн тилип турса да, мекен алдындагы жоопкерчилик менен милдетти алардан жогору тураарын моюндаган "лирикалык мени" көз алдыга тартылат. Анын "Тууган жерге", "Жалгыздык", "Сагынбасам сени мен", "Сендей мага", "Өтүнүү", "Эгер мени сүйүп калсаң", "Сен жокто", "Эгер мени сагыңсаң", "Келбедиң", "Атыңды жазып алгам", "Неге жаным бир кат жок", "Жазчы кат" деген ырлары адам эмес куш араң өткөн Памирге баргандагы жан-дүйнөсүндөгү, көкүрөгүндөгү ачыкка чыга албай жүргөн сырларын чынчылдык менен окурмандарга бөлүшкөн татынакай ырлар. Ал башка темадагы ырларындай эле чынчылдыгы, сыр жашырбастыгы, табыгыйлуулугу, лирикалуулугу менен окурманды өзүнө тартып турат.

«Алиге кетпейт эстен, кетпейт ойдон,

Секунддар сен сеңселип күлүп койгон.

Капырай, карашың да дүйнө болуп,

Катылуу карегимде ошо бойдон» (Өмүрканов, 1973, б. 55).

Тээ алыста болсо да, карегине катып келген махабаты, сагынычы, кусалыгы, асыл сезим-туюмдар оргуштаган каттар жаш акындын жашоосуна канчалык күч-кубат бергени мындай ырлардын өзөгүн түзөт. "Мен күндөй ысып жүрөм алоолонуп, Моюн сунбай Мургабдын ызгаарына", "Бирок билгин сагынычтан чыйралып, сагынычтан кубат алат ар адам", "Күлкүң менин жүлүнүмдү аралап, күндө үч убак кулагыма кадалат", "Жаз жакындап муз сынгандай сүйүнөм, Каттарыңды алган сайын ардагым", "мени үндөп жүрсүн үчүн максатка", "чын сүйүүнүн сагынычы ырахат", "мен кайра күчкө толом албуутанып" деген саптарда автордун сүйүү сезимдери көркөм тартылганын байкабай коюу мүмкүн эмес. Башка темалардагы ырларында психологизм азыноолак эле көрүнсө, махабат айдыңындагы накта психологиялык лирика катары кароого толук мүмкүн болгон чыгармаларга "Каттарым", "Келбедиң", "Неге жаным бир кат жок", "Жалгыздык» деген ырларды кошууга болот. Акын саргайган сагынычы, жанын жай алдырбаган кусалыгы, басса-турса эсинде турган аялуу, аруу сезими, алыстан келчү каттарды күтүүсү сыяктуу психологиялык ал-абалы менен бөлүшүп, окурман менен сырдашат да, анысы окурманда тилектештик сезимдерди жаратат.

Ошентип, али да турмуш оорчулугун толук сезип-биле элек, ой-сезими романтикага жык толгон жаш акындын Памирге келип, турмуштун ачуу-таттуусун көрүп, алдыга койгон максаттарын аткарып, кайра кетип жаткандагы абалы да "Коштошуу" деген ырында мындайча реалдуу берилет:

« Уйгу-туйгу учурашкан аарылардай,

Лапылдатып кар жаады таңдан тынбай...

... Өзүм да түшкөн жайын билбес кармын

Түшөөрмүн түшкөн жерин мактай ырдай.

Өзүмдө өлбөс баатыр жаны бардай,

Өзүмдө кереметтин баары бардай.

Бийиктикке чыгарбай кулатса да

Бийик чыгуучу өжөр жандай.

... Баратам “көк кашкада” зымырылып,

Памирим, Мургабым деп кыңырылып,

Эшиктин шуулдаган шамалынан

Кулагыма кумар канбас ыр угулуп...

Бийиктикке чыгуучулар кыйналышат,

Мен өзүңө чыкканда кыйналгандай, Ак жол тиле!

Мен башка бийиктикке

Чыгууга кайрат күчүм, күчүм жыйналгандай!» (Өмүрканов, 1973, бб. 71-72).

Бул көлөмдүү ырды толук келтиргенибиз да жөн эмес. Анткени, ушул ыры менен акын Памир жергесине жүргөндөгү “лирикалык менинин” болгон ички сезимдерин ачыкка чыгарат. Баягыда кырдан-кыр ашып, жанын оозуна кармап Памирге келе жаткан жаш жигит эми «өлбөс баатыр жаны бардай”, “бийикке чыкчу өжөр жандай” турмушка бышып, мурун жалгыз ата журту Талас болсо, эми “Памирим, Мургабым” деп аларды менчиктеп, баягы жалгыздыкта жанын жеген, боздогон шамалы да кулагына ыр болуп угулуп турат. Ички туюмунда ал жете турган бийиктиктер бар, алар көп, аларга барчу жолдор татаал жана узак, түбөлүктүү Памир аны келечектеги ошол бийиктиктерди багынтуу жолуна салды, ошолорго даярдап, бышырды, жетилтти. Акын өзүн кайрат-күчкө толтурган, даңазалуу Памирге, анын айтып бүткүс табияты менен кайраттуу жана чыдамкай, кеңпейил адамдарына ыраазы. Ырда мына ушул сезим орун алып, ал окурмандын да жүрөгүнө жетет. Ошентип, белгилүү адабиятчы, жазуучу жана педагог, профессор **Абдыкерим Муратов** жазгандай: “Анатай Өмүрканов акынды канткен менен биз “дүйнөнүн төбөсү” Памирден таптык. Таптык дегеним, университетти бүткөнү мугалимдик кылып Тажикстанга, таза кыргыздар байланган Мургаб жергесине кетип калыптыр. Дүйнөнүн төбөсүндө туруп, планетанын чатырына чыгып, буюктурган ак карларда, көздү алган мөңгү арасында, өрдөк–каздуу суулардын жээгинде, бети туурул уяң кыздардын жанында туруп алып, өзүн тазалап арууланып, акактай болуп аябай эле тазаланыптыр. Акын үчүн ошол керек. Тазалык керек, дилдин тунуктугу

керек. Кыргыз поэзиясына акындар Фрунзенин көчөлөрүнөн, бактарына, кабинеттеринен, "түш көргөндөрүнөн" кошулса", Анатай Өмүрканов "асмандан" келип кошулду. Ошондогу ырлар топтолуп, 1973-жылы чыккан "Мөлтүр сезим" деген жыйнагын окуган киши Памир асманынын алданда турган тунук дилдүү, таза тилдүү акынды кабыл алды" (Муратов, 2005, б. 4). Кыскасы, кыргыз поэзиясына алгачкы жыйнагы аркылуу эле ишенимдүү кадам менен кирген А.Өмүрканов андан соң "Чабалекей" (1977) аттуу экинчи ырлар жыйнагын жарыкка чыгарды. Акын бул жыйнагына эмнегедир атуулдук лирикага басым жасап, көбүнчө согуш темасындагы көркөмдүк деңгээли ар кыл, бирок бир өңчөй көрүнгөн темадагы ырларды топтоптур. Жыйнак "Чабалекей" аттуу согуш темасындагы чакан ыр менен башталып, мында согушта баласынан ажыраган "карган чал, карган кемпирдин, карыган үйдөгү" кайгы-муңу чагылдырылат.

«Бүгүнкү эртең болбос дүйнө арман,

Карган чал, карган кемпир, үйдө карган.

Баласы – уя салган чабалекей,

Баласы – кан майдандан кайтпай калган»(Өмүрканов, 2015, б. 47).

Уулунан ажыраганына алты жылдан ашса да, ата-энеси ал жасап кеткен чабалекейдин уясын эш тутуп жашапкелишет. Чабалекей "топтолуп тоону тоолой кайткан кезде" аны небересиндей узатып, кайра алар кайтып келгенде маңдай жара сүйүнүшөт. Бир караганда бул ыр буга чейин жазылган согуш темасындагы ырлардан анча деле айырмаланбагандай туюлат. Бирок, көңүл бурууга аргасыз кылган нерсе: согуш бүткөнүнө канчалаган жыл өтсө да, жалгыз уулунан ажыраган ата-эненин эстутумунда эрибес таштай катып калган улуу трагедиянын кичинекей бир көркөм деталь - жашоонун символу сыяктанган чабалекейдин уясы аркылуу берилишинде жатат. Анткени, баласы жасап кеткен жалгыз чабалекейдин уясы гана кемпир-чалдын жашоосуна жарык чачып, үмүтүнө үмүт кошот да, "сайраса чабалекей таңдан тынбай, чал кемпир аны ырдай" угуп ошондон гана каниет алат. Демек, канчалык оорчулук болсо да, канча трагедия болсо да, жашоо үзүлбөйт, ал түбөлүктүү. Мына ушул теманы акын "Чолпонбай", "Байкелерим", "Акындар согушта", "Түбөлүк от жанында", "Белгисиз жоокерлер", "Берлинден кайтышкан жоокерлер", "Жетимдер монологу" сыяктуу ырларында тереңдетип, анын кайсы бир жактарын ачып берүү аракетин көрөт. Адабиятчы К. Эшимбековдун пикиринде акындын бул жыйнагы көркөмдүк деңгээли жагынан биринчи китептен төмөнүрөөк болуп калган. Жыйнак ушундай таасир калтыргандыгын билдирип, ал төмөнкүдөй тыянакка келген: «Жыйнактагы ырлардын биринчидегидей композициялык өзөгү сезилбейт. Формалык жактан үч бөлүккө бөлүнсө да, аларда логикалык бүтүндүк жоктой сезилет. Экинчи жыйнакта А.Өмүркановдун патриоттук ырларга ыктаганы байкалат. «Чолпонбай", "Ветерандар", "Акындар согушта" "Белгисиз жоокерлер" деген сыяктуу ырлары аркылуу акын патриотизм, муундардагы өтмө катар биримдик, коом, мезгил алдындагы жоопкердик, согуш алааматына каршы туру сезимдерин айткысы келген. Бирок, башынан өткөрбөгөндүкбү, же көркөм элестетүүсүнүн жардылыгыбы, айтор ал ырлардагы ойлор жасалма, сезимдер көңүл кош. Буга мисал катары төмөнкү "Түбөлүк от жанында"деген ырын окуп көрөлүк.

«Болгон максат өзүңө эмес,

Өлкө, сакташ,

Кармаш менен канды

Төгүш кайра качпас...

Ай-ааламды алты айланып

чыккан менен

Силерге тең эрлерин

Эч ким таппас.

Эрдиктерсиз жарык дүйнө

Кандай болбош

Кунары жок, куурап

Калган даракка окшош.

Мекен үчүн кетпесеңер

Бизден мурда

Тууган жер - деп, кан

Кагылбас, жүрөк сокпос» (Өмүркaнов, 2015, б. 98) .

Ушул сыяктуу саптарда ойдун жаңылыгы да, сезимдин чыйралганы да байкалбайт, ыр саптарынын ыргагы мүдүрүлмө, сөздөрү орой, салыштыруулар образдуу эмес" (Эшимбеков, 1980, б.5). Чындыгында эле акындын жогорудагы согуш темасындагы ырларынын көбүндө биринчи жыйнагында көрүнгөн табыгыйлуулук, чынчылдык сыяктуу өздүк белгилери анча таасын көрүнбөй калган. Алардын ичинде ошол маалдагы көп акындардын көнүмүш ырларындай эле таасир калтыргандары арбын болуп, акындын адамзаттын башынан өткөргөн улуу трагедияны кийинки муунга жеткирүү максатында жазган ырлары көркөмдүк-эстетикалык нарктуулугу боюнча өзүнчөлүккө эгедер болбой, "көптүн арасында, көчтүн карасында" калганы да чын болчу. Мисалы: “Берлинден кайтышкан жоокерлер” деген ырынан үзүндү окуп көрөлү:

«...Кызыл кыргын, сары сүргүн, түтүн – булут,

Калганда ок түгөнүп, амал куруп –

Гранаттай түшкөн жерин жарсын үчүн

Жоокерлер жоого ыргыткан бутун жулуп.

Ок колун жулуп кетсе колун жоктоп,

Калбастан катарынан ыйлап-боздоп –

“Ураа”лап улам алга чуркай берген,

Кан куюлган каруусу желекке окшоп!» (Өмүркaнов, 2015, б. 52).

Бул ыры жогорудагы “Чбалекей” аттуу согуш темасындагы ырындай окурманды түйшөлтө албай, реалдуу турмушка караганда жасалма деталдар басымдуу болуп (“Гранаттай түшкөн жерин жарсын үчүн, Жоокерлер жоого ыргыткан бутун жулуп. Же “Ураа” лап улам алга чуркай берген, Кан куюлган каруусу желекке окшоп!”), көркөм чечмелөөнүн стандарттуулугу, образдуу ойлоонун жалаңкаттыгы, реалдуулуктан алыстыгы байкалат. Ушул өңдүү айрым мүчүлүштүктөр болгону менен жалпылай келгенде жыйнактагы ата-эне, Ата Журт, сүйүү, өмүр сыяктуу түбөлүктүү темадагы лирикалык ырлар акындын чыгармачылыгынын сапаттык өсүш деңгээлин көрсөтөт. Анда жөнөкөй, жатык жана образдуу тил менен жазылып, адамдык тазалыкка, жан дүйнөнүн аруулугуна, кыялдын чексиздигине арбалткан ырлары арбын. “Шаркыратма”, “Тамгалар”, “Кар”, "Айыл көрүстөнүндө" деген ырларында акын турмуш философиясына сүңгүп кирип, түбөлүктүү маанидеги ойлорду камтуу аракетин көрсө,“Жамгыр бийинде” табият жана адам өмүрү айкалыштыра сүрөттөлүп, "керегем сага айтам, келиним сен ук" таризиндеги кыйытма подтексттик ой-толгоолор, өтмө маанидеги сыпаттоолор көркөмдүк жактан өтө ынанымдуу чыккан. Аталган ырлардагы лиризм,

ойдун тереңдиги, жаңыча көркөм сөз каражаттарынын жыштыгы акындын чыгармачылыгы кыймылдуу болуп, анын өсүү жолунда бараткандыгын айгинелеп турган.

«Балалыктын кереметүү түшүндөй,

Бир-биринен үзүлүп да үзүлбөй

Түпсүз асман түпкүрүнөн самсаалап,

Түшүп жатат түшкөнүнө түшүнбөй... – (Өмүрканов, 2015, б. 59)

деген бүткөрүлгөн картинадай татынакай пейзаждык сүрөттөөлөр таасирдүү, элестүү чыккан. “Түпсүз асмандын түпкүрүнөн түшүп” келе жаткан, балалыктын өзүндөй таптаза, кири жок кар белгисиз мейкиндиктен түшүп келе жатса да, “үзүлүп да, үзүлбөй”, бирде борошолоп, бирде удургуп, бирде балбалактап жаап жатат. Бирок, бул пейзаждык көрүнүштүн жөн салды эле сүрөттөлүшү эмес, анын артында арта калган балалык, тез өткөн эсеби жок ай-жылдар, кармоого мүмкүн болбогон өмүр, жаштык бар. Муну менен акын “кайгы менен кара жанды камчылап”, “дарак, дайра, чалкыган тоо, чар тарап” чулгап турган адам өмүрү да түбөлүктү тура албай бир учурда чарт үзүлөөрүн көркөм чечмелейт. Акындын ушул өңдүү бир катар ырларында жааган жамгыр, шаркыраган шаркыратма сындуу адам өмүрү да тынбай агылып, анын кейиштүү да, кубанычтуу да жагдайларына назар салынат, табият менен адам өмүрүнүн эриш-аркактыгы ачыкталат.

Акындын алгачкы жыйнагындай эле жаштыкка мүнөздүү махабат темасы экинчи жыйнактын да негизги бөлүгү катары саналат. Алгачкы жыйнакта сагынып, кат күтүп, куса болгон жаш жигиттин сүйүү сезимдерине кезиккен болсок, кийинки жыйнактын “Сен деген сезим” ыр топтомундагы “Бүгүн да жамгыр жаады түнү менен”, “Жашыл жайык”, “Экөөбүзгө болор эле кандай жакшы”, “Түндөр мага сүйүү берет, ыр берет”, “Эгер сен”, “Сен жоксуң”, “Кошуна кыз” жана тема коюлбаган бир нече ырларында сүйүү сезиминин ачык жана купуя жактары тереңдеп ачыла баштаганын байкоого болот. Акын башка темаларда кандай сезимтал, чынчыл болсо, махабатка да дал ошондой жасалмасыз мамиле кылат. Мисалы:

«Караңгыда, жалгыздыкта, туманда,

Күчтөн тайып, алдан кетип куларда –

Сүлдөрүңдү кайра ордуна келтирер,

Сүйгөн жардын сөзү болсо угарга.

Кубат келбей бутту тартып сунарга,

Куу дүйнөдөн түбөлүк көз жумарда.

Тирүүлүктүн таттуулугун сездирген,

Жолдош болсо колуң кармап турарга.

Өмүрүмдү өткөрбөскө, уларга,

Далбасалап таппаганда бир арга –

Эч ким билбес жүрөктөгү жан эркем,

Тартылып өт, тамшандырган кумарда» – (Өмүрканов, 2015, б. 70)

деп акын сүйүүнүн касиетин, улуулугун, ыйыктыгын, ысыктыгын жанга жагымдуу, жүрөккө орногудай саптарга батырат. Мындай саптарды сүйүү сезимине чындап чалдыгып, аруу сезимге делөөрүп турган адам гана жаза алат. Акын ырларында өмүрдү жасалгалап, жакшынакай дүйнөгө айланта алган жашоонун улуулугун, ыйыктыгын, жыргалын сезимди селт этирген саптарга батырат, “өзгө менен өбүшкөнчө сен менен кандай жыргал кылгырыша карашкан”, же “башка менен бир басканча өзүндү, кандай жыргал жалгыз жүрүп ойлогон” деген сыяктуу эч бир жанга айтпай, ыйык тумардай сактап сүйгөн татынасына чексиз сезимдерин арнайт. Ар нерсенин күңгөй-тескейи болгон өңдүү сүйүүнүн да ачуу-таттуусу аралаш экендиги, ага кандай мас болсоң, көңүл калуу да ой-сезимде ошончолук оор так калтыра турганын акын кыйла чебер ачып берет.

«Кафеде вино ичип өзүм жалгыз,

Көлөкөмдү ээрчитип чыгып кеттим –

калп айтпаган жолдошумдун айтымында,

ким бирөөгө “сүйөмүн” деп эркелепсин...

Ыр өрттөлдү – өзүм дагы күйүп жаттым,

акканын араң сезип аккан жаштын –

ыр жазууга столума кайра отуруп,

өзүңө арнап кайрадан ырлар жаздым!..» (Өмүрканов, 2015, б. 73).

Ал эми акындын "Кошуна кыз", "Байкалбаган гүлдөрдүн жыты жакшы" деген ырларындагы сезим-туюмдар улам бири-бирин толуктап, жаңыча жана күтүүсүз салыштыруулар менен байытылып, турмуштук чындык менен сезим чындыгы айкалышат да, жөнөкөй жана жеткиликтүү жазылгандыктан окурмандын жүрөгүнө жат боло калат. Сүйүү, арзуу сезимдери, алардын жыргалы менен кууралы - акындын эң кийинки китептерине чейин уланып келаткан түбөлүктүү темалардан болсо да, алардын ар бири жаңы жазылгандай кабылданып, акын ой толгоого оролгон сезимдердин ар кыл өңүттөрүн жаныча көз караш, байкоо, дүйнөтааным менен берет. Мунун баары, албетте, А.Өмүркановдун чеберчилик, ойчулдук жаатында өсүү жолунда тургандыгы, талыкпай изденүүчүлүк сапаты менен түшүндүрүлөт.

**Корутунду**

Ошентип, экинчи жыйнакта көркөмдүк жагынан калпыс ырлар кездешкенине карабай, анда жаңы башталыш бар экени байкалат. Ал - адамзаттын түбөлүктүүлүгү, өмүр, жашоо жөнүндөгү ой-туюмдарды жаңыча берүү аракети. Ошентип, акындын жүрөктөн чыккан махабат, өмүр ырлары кийин "Алтын өзөн", "Күн жол" жыйнактарында улантылып, андан да тереңдеп, мазмундук жактан байыган. Маселен, 1980-жылы басылып чыккан "Алтын өзөн" аттуу ыр китебинде жашоо кумары, ага тойбогон адамзат көйгөйлөрү негизги орунду ээлесе да, жараткан тартуу кылган, бир жаралган өмүрдө асыл иштер аткарып, кийинки муундарга нарктуу мурас калтыруу вазипасы өмүрдүн нукура өтөлгөсү болушу керек деген идея акын үчүн өзөктүү мааниге ээ экендигин көрөбүз. Биринчи жыйнактагы эл-жер менен жаратыльш, анын байлыгы, аларга суктануу, ак эмгек, жар сүйүү туурасындагы жылдызы жарык маңдай ырларындагы ойлор "Алтын өзөндө" андан ары тереңдетилет. Акын биринчи кезекте адамды, анын сезимин, ой тилегин, талабын, арманы иликтегиси келет. Адамды сүйүү, аны урматтоо - «Алтын өзөндөгү” ырлар циклинин негизги пафосу катары чыгып, адамзаттын түбөлүктүү табышмагы болгон өмүр менен өлүмдүн таймашы көркөм анализге алынып, философиялык жалпылоо аракеттерин Өмүркановдун чыгармачылык изденүүсүндөгү ийгилик катары карасак болот. Анын үч жыйнакка топтолгон ырларынан биз мына буларды байкадык: анын ыр жазууга табигый шыгы

жогору, дүйнөнү, адамды гуманисттик жана оптимисттик маанайда көркөм таанып-билүү түшүнүк-маданияты бийик поэтикалык көркөм талдоого алынган турмуштук фактыларды философиялык жалпылоо жагынан кулачы кенен.Акын табияттын миң кубулган обонун кандай туюм менен кабылдаса, анын түркүн-түс боёкторун да илгиртпей таба билип, аларды жөн эле табият тартуулаган обон же куюлушкан боёктордун гармониясынан жаралган колориттүү пейзаж катары кабылдабастан, поэзиянын ажарлуу тили менен угумдуу, элестүү, жандуу, эстетикалык таасири бар образга айланта алат. Аталган үч жыйнактагы чыгармалар бизди мына ушуга ынандырат.

Hakem Değerlendirmesi: Dış bağımsız.
Çıkar Çatışması: Yazar, çıkar çatışması olmadığını beyan etmiştir.
Finansal Destek: Yazar, bu çalışma için finansal destek almadığını beyan etmiştir.
Yapay Zekâ Kullanımı: Yazar yapay zekâ programlarından yararlanılmadığını beyan etmiştir.

Peer-review: Externally peer-reviewed.
Conflict of Interest: The author have no conflicts of interest to declare.
Financial Disclosure: The author declared that this study has received no financial support.
Use of Artificial Intelligence: The author have stated that no artificial intelligence programs were used.

## Колдонулган адабияттар / References

Даутов К. (2016). *Кандай акын оригиналдуу болот же Анатайдын ачылышы*. –Китепте: Доорлор чындыгы көркөм адабиятта. –Бишкек, “Улуу тоолор”.
Исаева С. (2024) *Модернизм жана кыргыз адабияты*. Эл агартуу.
Исаева С. (2025) *Модернизм жана кыргыз поэзиясы: Акын С.Эралиевдин поэзиясынын мисалында*. Эл агартуу.
Кыргыз адабиятынын тарыхы. (2017) *Азыркы кыргыз адабияты*. –Бишкек, X том.
Муратов А. (2005) *Таңкы жааган ак кардай таптаза акын Анатай*.Заман, 2-декабрь.
Өмүрканов А. (1973) *Мөлтүр сезим*. –Фрунзе. Кыргызстан.
Өмүрканов А. (2015) *Антай: Тандалма I*. –Бишкек, «Учкун».
Өмүрканов А. (2004) *Акын мезгилдин кардиограммасы*.Кыргыз руху, №30.
Эшимбеков К. (1980) *Үчүнчү кайрылуу*. Кыргызстан маданияты, 4-декабрь.
http://ru/nts.kg.